## *Неге сүйбөйт?*

Асылдым. Бир сулууга болдум ашык,
Махабат ичке батпай ашып-ташып.
Кадырын картайганча сыйласам дейм,
Бирок да жете албадым. Кимде жазык?
Мен сүйсөм, сулуу сүйбөйт.
Билбейм неге?
Жазыктуу жаратканга болдум беле?
Баарынан батып кетти кыйнаганы,
Башканы сүйбөйт белем ансыз деле.

**Мидин АЛЫБАЕВ**



ЭСЕП-ЧОТ

# Улуттук банк акча-кредиттик саясатын жыйынтыктады

**Өткөн жумада Улуттук банк (УБ) төрагасы Толкунбек Абдыгулов, анын орунбасары Лада Орозбаева, банктын экономикалык башкармалыгынын жана акча-кредиттик операциялар башкармалыгынын башчылары Сейилбек Урустемов менен Раушан Сейткасымовалар 2014-жылга жыйынтык чыгаруучу маалымат жыйынын өткөрүштү. Жыйында банк төрагасы өлкөнүн акча-кредиттик саясаты жана банк секторунун жыл ичиндеги көрсөткүчтөрү тууралуу айтып берди.**




“Былтыр Улуттук банк акча-кредиттик саясаттын негиздерине, пайыздык ченди аныктоонун механизмине өзгөртүүлөрдү киргизди. Буга чейин пайыздык чен Улуттук банктын нотасынын кирешелүүлүгүнө байланыштуу болсо, эми эсептик ченди Улуттук банктын башкармасы ар бир айдагы экономикалык абалды баалоого жараша аныктап жатат. Акыркы жыйыныбызда, эсептик ченди өзгөртүүсүз 11% деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алдык” дейт УБ башчысы Т.Абдыгулов. Буга улай банк башчысы өткөн жылдагы өлкө ИДПсы, инфляция, коммерциялык банктар тарабынан берилчү кредиттердин пайыздык чени, банк депозиттеринин көлөмү тууралуу маалыматтарды ортого салды. “2014-жылы өлкөбүздүн ИДПсы 397,3 млрд. сомду түзүп, былтыркы жылга салыштырмалуу 3,6% көбөйдү. Инфляциянын наркы жылдын аягында 10,5% түзүп, (2014 жылдын декабры 2013-жылдын декабрына), жылдын орточо инфляциясы -7,5% болду. Өлкөнүн акча базасы 8 млрд. 667,5 млн. сомго, башкача айтканда 11,9% төмөндөп, 64 млрд. 471,9 млн. сомду түздү. Ошондой эле коммерциялык банктардын 2014-жылдын январь-декабрь айларынын аралыгындагы кредиттик портфели 78 млрд. 756,3 млн. сомго жетип, 45,95 пайызга көбөйдү. 2013-жылы кредиттик портфелдин өсүшү 34,55 пайызды түзгөн. Жыл бою кайрадан берилүүчү кредиттердин орточо пайыздык чени улуттук валютада 1,19 пайыздык пунктка төмөндөп 20,13 пайызды түзсө, чет элдик валютада 2,73 пайыздык пунктка төмөндөп 14,95 пайызды түздү. Коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү болсо 22,57 пайызга жогорулап, отчёттук мезгил аягында 82 млрд. 534,7 млн. сомду түздү. 2013-жылы депозиттик базанын өсүшү 32,94 пайызга барабар болгон. Кайрадан кабыл алынган депозиттердин орточо пайыздык чени улуттук валютада 0,16 пайыздык пунктка жогорулап 2,49 пайызды түздү. Ошондой эле чет элдик валюта да 0,09 пайыздык пунктка өсүп 0,86 пайызды түздү” дейт Улуттук банк жетекчиси.

Финансы рыногу тууралуу айтып жатып, төрага сомго карата доллардын расмий курсу 19,57 пайызга жогорулагандыгын белгиледи. Валюта сатуу боюнча чет элдик валютаны сатуу операциясынын көлөмү 2014-жылдын январь-декабрында 536,7 млн. долларды түзсө, сатып алуу операциясынын көлөмү 20,5 млн. долларды түзгөн. Таза сатуу 516,2 млн. долларды түздү, бирок эл аралык камдар (резерв) андан аз суммага төмөндөгөн. Антkени Улуттук банк интервенциядан сырткары алтын валюта камдарын толуктоо боюнча операцияларды да жүргүзүп келет. “Валюта рыногундагы абалга токтолсок – доллардын курсунун бекемделиши дүйнө жүзүнүн бардык өлкөлөрүнө таасир этип жаткан дүйнөлүк тенденция болуп эсептелет. Азыркы учурда, өлкөбүздүн валюта рыногунда долларга карата дефицит жок. Улуттук банк тышкы финансылык рыноктогу жана ички валюталык рыноктогу абалга дайыма көзөмөл жүргүзүп турат. Өлкөнүн эл аралык дүң камы 2 млрд. долларды түзөт» деп кошумчалады Т.Абдыгулов.

Улуттук банктын аткарган ишинин 2014-жылдагы негизги иштеринин жыйынтыктарын атап өткөндөн кийин, УБ өкүлдөрү журналисттердин суроолоруна жооп беришти. Журналисттер көбүнчө финансы жана валюталык рынок, эл аралык камдын абалы, ЭЛКАРТ улуттук банк картасын алдыга жылдырууга байланышкан суроолорун узатышты. Ошондой эле ЖМК өкүлдөрү Кыргызстандын Евразия экономикалык мейкиндигине кирүүсү жана анын кесепеттери боюнча Улуттук банк эмнелерди айта аларын сурашты.

**Мелис СОВЕТ уулу**